# «Манас» эпосундагы билим, таалим-тарбия берүү маселелеринин чагылдырылышы

**Аннотация:** Макалада «Манас» эпосу боюнча келечек муунга билим берүү,таалим-тарбия маселесине багытталгандыктан, эпостун ага байланышкан урунттуу учурларына токтолдук. Эпос кыргыз элинин жашоосун, турмушун, көркөмдөп сүрөттөгөн өзгөчө эпос. Аны тастыктоо үчүн «Манас» эпосу боюнча түзүлгөн атайы улуттук программа иштеп жатканы тууралуу. «Манастаануу» предметинин билим берүү системасындыгы олуттуу орду аныкталган. Мектеп,орто окуу жайларында, ЖОЖдордогу «Манас» эпосу боюнча түзүлүп, жаткан мамлекеттик предметтик программалар, иш пландары, усулдук көрсөтмөлөр, кээ бир өтүлгөн сабактын үлгүлөрү сунушталат.Ошондой эле «Манас» эпосунун илимий изилдөөдөгү жаңылыктарына, олуттуу көйгөйлөрүнө да кайрылдык. Ушундан улам,«Манас» эпосунун дүйнөлүк деңгээлдеги орду, ЮНЕСКОго кириши камтылды жана эпостогу билим, таалим-тарбия берүү маселелеринин чагылдырылышы тууралуу сабактын болжолдуу үлгүсү берилди.

**Аннотация:**Данная статья посвящена вопросу об образовании и воспитании будущего поколения на основе эпоса «Манас» направленной на возрождении духовных ценностей кыргызов, обращении на национальные корни и мудрости предков. Эпос является особой эпопеей красочно описывающая жизнь и быт кыргызского народа. В подтверждение этому разработана специальная национальная программа. К тому же предмет «Манасоведение» в образовательной системе занимает важное место. В школах, средних образовательных учреждениях, ВУЗах составляются государственные учебные программы, рабочие планы, методические выставки и предоставляются примеры проведенных уроков. Также автор обращается к работам научных исследований и серьезным проблемам. Наконец речь пойдет об особой роли эпоса «Манас» в мировой культуре и о внесении его в ЮНЕСКО.

**Abstract:**Thearticle raises the question of next generation’seducation based on the epic "Manas" aimed at reviving the spiritual heritage,national roots, ancestral wisdom andvalues of Kyrgyz people. Epic is a special epopea vividly describing the Kyrgyz’s life. Accordingly special national programis elaborated. In addition, the subject "Manas studies" has an important rolein the education system. At schools, general education institutions, universities make up academic hours, , curriculum, working plans, teaching guidlines and perfomlesson examples. The author also refers to scientific researches and its serious problems. The last two points are the special role of the epic "Manas" in world culture and its recognition by UNESCO.

**Түйүндүү түшүнүктөр:** «Манас» эпосу, билим берүү, таалим-тарбия, келечек муун,программалар,мамлекеттик иш кагаздары, ЮНЕСКО , проблемалар, «Манастаануу».

**Ключевые слова:** эпос «Манас», образование, воспитание, будущее поколение, програмы, государственные бумаги, ЮНЕСКО, проблемы, Манасоведение.

**Key words:** epic “Manas”, education, training, nextgeneration, programs, statepapers , UNESCO, problems, Manas studies

Учурдагы ааламдаштыруу шарты улуттук ыйык рухий нарк-дөөлөттөрдү, бабалардын мурастарынын өрнөктүү жактарын келечек муунга таалим –тарбия берүүдө, билимдерин калыптандырууда олуттуу маани берүүнү талап кылат.

Мына ушундай рухий мурастарыбыздын башында «Манас» эпосу турат. Көлөмү жагынан жер шаарындагы эпикалык поэзияда тендеши жок бул залкар эпос кыргыздын эки миң жылдай аралыктагы басып өткөн жолун көз каранды болбос үчүн,өзүн эл катары сактап калуу үчүн жүргүзгөн күрөшү, башка

калктар жана мамлекеттер менен болгон мамилелери гана эмес, чарбасы менен турмуш- тиричилигин, каада-салты менен үрп-адатын, психологиясы менен философиясын, эстетикалык табитин, этикалык жүрүм-турумун, жаратылыш жана коом, география жана астрономия жөнүндөгү түшүнүктөрүн математика менен физикалык кубулуштарын,медицина жана диний көз караштарын,аскердик иштерин,социалдык жана рухий турмуштук толуп жаткан башка жактарын кеңири баяндаган көчмөн элдин керемет кенчи, өзгөчө энциклопедиясы.

Залкар жазуучу Чынгыз Айтматов: «Манас» эпосу «Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу»-деп баа бергендиги аны тастыктайт.(1).

«Манас» эпосу дүйнөдө көлөмдүү ири дастандардан болуп саналат.

Саякбай Каралаевдин вариантында эле жарым миллиондон ашык ыр саптары камтылган. Эпостун толук тексттин басылмасы эле кырк томдон ашмак.

Чындыгында улуу «Манас» эпосу жалпы адамзаттык маанидеги терең мазмунга,көөнөрбөс түбөлүктүү рухий дөөлөттөргө эгедер улуу дастан. Келечек мууга билим, таалим – тарбия берүүдөгү «Манас» эпосунун орду албетте өзгөчө орунда турат.

КР Эл мугалими Бектур Исаков: «Манаста» баарыдан мурда элдик педагогиканын кору, уюткусу топтолгон. Ырасында эле «Манас» кылым тарыхынын жандуу күбөсү, таалим-тарбия жаатындагы даанышмандыгынын соолубас кенчи. Ал жүздөгөн жылдар бою кыргыздын урпактары үчүн ар тараптуу инсанды өнүктүрүүнүн программасы, мектеби, окуу китеби катары кызмат кылып келген-дейт. Буга мисал, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгындагы тарбиянын тарыхын өзүнө камтыган залкар мааниси зор, элдин турмушун чагылдырган көркөм энциклопедияга туш болобуз.(7)

«Манас» эпосунун үчилтигин сактоо, өнүктүрүү боюнча мамлекеттик коргоонун коомдук мамилелерин жөнгө салуу максатында 2011- жылы 28-июнда Кыргыз Республикасында Мыйзам кабыл алынган.

Мыйзамга ылайык, улуу мурасты сактоо,өнүктүрүү, эпостун укуктук статусун бекемдөө, идеялык- тарбиялык, тарыхый-маданий чараларды кабыл алуу сыяктуу мамлекеттик милдеттер белгиленген. Ал милдеттерди ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү 2012-жылдын 31-январында гы №67 токтому 2012-2017 жылдарында «Манас» эпосун сактоо,изилдөө жана кеңири жайылтууга КРнын Улуттук программасын жана иш –чараларынын планын бекиткен.

Океандай «Манастын» дүйнөдө теңдеши жок. Мына ушуга мисал келтире кетсек, 2014-жылы ЖК нын депутаты К .Самаковдун жетекчилиги менен 196 мамлекети катышкан илим жана маданият жаатын тейлеген ЮНЕСКОнун каттоосуна киргени «Манас» үчилтиги элибиздин сыймыгы эмеспи.

Учурдагы археологиялык, илимий жаңы ачылыштар «Манас» эпосун үйрөтүүдө, билим берүүдө өзгөчө олутуу мааниге ээ.

Кытайлык профессор Жаң Юңхай жергиликтүү илимий журналдарынын биринде «Манас-тарыхый инсан» деп маек берген.

Окумуштуунун сөзүн дагы бир ырастаган Кытайдан Манастын тарыхый инсан экендигин тастыктаган сүрөттөр табылган. Ал жөнүндө изилдөөчү, тележурналист Темирбек Токтогазиев «Манас» эпосунда айтылган беш Бээжинди же 5 шаарды кыдырып, анан чет Бээжинде же азыркы Лявоян шаарындагы «Батыш дарбазасы» деген жердеги музейде кыргыздар сүрөттөлгөн 6 сүрөт сакталуу. «Кыйла олбурлуу,калпакчан адамдын олтурган элеси түшүрүлгөн сүрөт бар экен. Биз аны Манастын сүрөтү деп болжолдоп жатабыз»,-дейт.

Аталган сүрөттөр берилген түшүндүрмө кайсы бир көөнө тилинде болгон. Анын маанисин түшүнүү үчүн которуунун үстүндө иштеп жатышат.

Изилдөөчү Кытай жергесинде жүрүп, кыргыздар өздөрү тууралуу биле элек, уга элек дагы бир топ тарыхый маалыматтарды топтоп келгенин айтат.

Эпос боюнча дагы бир кызыктуу жаңылык «Манас» эпосу венгер тилинде которулуп жаткандыгы. Келечекте эпостун котормосу 5 миңден ашык мектептерге таратылат. «Венгер жаштары үчүн «Манас» эпосу кызыгуу жаратат деген ишеничтебиз. Биз атайы презентация уюштуруп коомчулукка жайылтуудабыз» - дейт Венгер парламентинин депутаты Ференц Папчак. Анын айтымында бүгүнкү күндө 20 даана нускасы гана даяр.

Китепти Будапеште кыргыз тилинен венгер тилине которгон этнограф – чыгыш таанучу Даут Кара Шомфаи.(14)

«Манас» эпосунун дүйнө элдеринин кызыгуу жаратуусу кыргыз эли үчүн өзгөчө сыймык болмокчу.

«Манас» кыргыз элинин тарыхы, маданияты, педагогикасы. «Манас» эпосун боюнча бардык билим берүү баскычтарында окутуу үчүн атайын иш пландар, программалар, окуу китептери КР Билим берүү илим министирлиги буйругу менен КББАнын окумуштуулар тарабынан түзүлүүдө.

Бүгүнкү күндө ЖОЖдордо атайын «Манастаануу» курстары боюнча лекциялар өтүлүүдө жана кадрлар даярдалууда.

Ишенаалы Арабаев атындагы КМУнун алдындагы «Манастаануу» институту атайы адистерди даярдоодо.Ал жөнүндө институттун директору Топчубек Тургуналиев мындай дейт. –Институтубуз адистерди үч багытта даярдайт. Бүткөндөр «Манастаануу» мугалими, экинчиден, элдик оозеки чыгармаларды, Манасты изилдөөчү, кийин колунан келсе окумуштуу болот. Үчүнчүсү, быйыл аспирантура ачтык, беш аспирант кабыл алдык. Алдыда – докторантура ачсак деген ойдобуз. 2011-жылы кабыл алынган «Манас» эпосу жөнүндөгү мыйзамда эпопеябыз -дагы улуу ой, асыл идеяларды кеңири жайылтуу, илимий терең изилдөө, көздүн карегиндей ыйык сактоо негизги мамлекеттик максат-милдет болуп коюлган. Жыл сайын, жок дегенде эки жылда бир, күздүн бир жумасында, бардык окуу жайларда, бардык аймак, айыл-шаарларда «Манас» майрамын өткөрүү максатка ылайык. Ал улуттук оюндар, олимпиадалар, талкуулар менен коштолгон майрам болушу керек. Кеп Кыргызстанда тынымсыз, кеңири жайылган, Улуттук мурас, Улуттук рух – «Манас» аурасын, руханий аба-ырайын түзүүдө болуп жатат деп ой бөлүшөт. Албетте, бул пикирге кошулбай коюуга болбойт.

Билим берүү жаатында аздыр –көптүр «Манас» эпосу боюнча иш аракеттер жүргүзүлүп жатат. Кийинки кездерде жаш жеткинчектерди элдик педагогиканын багытында улуттук нукта тарбиялоодо бир топ аракеттер болуп жатканына күбө болуудабыз.

Мисалга алсак, кыргыз телекөрсөтүүлөрүндө «Манастаануу» боюнча окуучулар арасындагы таймаштар, ар бир команданын даярдыгы окуткан мугалими менен бирдикте өз жетишкендиктерин көрсөтүп келет. Бул биринчиден, «Манас» эпосун терең өздөштүрүп үйрөтүү болсо, экинчиден, жаштардын интелектуалдык аң сезиминин өсүшүнө, эл алдында өз оюн тартынбастан ачык айтууга такшалуусун калыптандырат. Бир көрсөтүүдө, команданы таймаш-көрсөтүүгө даярдап алып чыккан мугалим эжейи мындай деген өзүнүн тажрыйбасынан мисал келтирди:- «Мен окуучуларымды ушул мелдешке даярдоо менен «Манас» эпосуна карата болгон билимимди, илимий булактардан, кошумча адабияттардан, интернет булактарынан көп жаңылыктарды таап, өзүмдүн интелектуалдуу деңгээлимди дагы байыта алдым. Анткени биз билбеген көп изилдөөлөр, Манаска байланышкан кызыктуу ачылыштар менен тааныштым. Мындан ары да студенттерим менен бирдикте «Манас» эпосун дагы терең өздөштүрүүгө аракет жасаймын» - деген келечектеги оюу менен бөлүштү.

Демек, бул да болсо билим берүү жаатындагы кесиптештерибиздин максаттуу демилгеси жаш муунду тарбиялоодогу алгылыктуу ийгиликке жетишүүсү демекчибиз.

Ар бир эле педагог өз предметин терең өздөштүрүп, окуучуну сабакка болгон кызыгуусун арттыра алса болот . Ал үчүн сөзсүз көп убакыт талап кылынат. Биздин билим берүү системабыздагы мугалимдердин эмгек акысынын аздыгы, жашоо шартынын ыңгайсыздыгы сөзсүз бир топ тоскоолдуктарды жаратат.Ошого карабастан өз кесибин калтырбай өздөштүргөн алдыңкы педагогдорубуздун иш тажрыйбаларынан мисал келтирсек болот. Кайсы окуу предмети болбосун турмуштун түрдүү көрүнүштөрүн чагылдырып, билим берүүдө окуучунун кызыгуусун арттырууга, туюу сезимине жеткирүүдө тилдик көркөм каражаттарды пайдалануу менен түшүндүрүү маанилүү экендиги белгилүү.

Дал ушул мекенчил менталитет, тагдырды ата журт кызыкчылыгына байлаган патриоттук принцип, эл-журттун эгемендүүлүгүн ыйык санаган улут идеясы бүгүнкү таалим-тарбиянын негизинде жатууга тийиш.

*Экинчиден.* Таалим-тарбиянын пайдубалында турган дагы бир улуу дөөлөт бар. Бул – биримдик, ынтымак. Өзүнүн тарыхый тагдырында кыргыз калкы ички бөлүндүлүктөн, өз ара уруу чабыштарынан далай азап чеккен, бүгүн да трайбализм, жер-жерлерге бөлүнүүчүлүк илдетинен жабыр тартып отурат. Бирок ошондой болсо да, «Бөлүнсөң бөрү жеп кетет, бөлүнүп калды кыргыз деп, бөлөк элге кеп кетет», «Өлсөк бир чуңкурда, тирүү болсок бир дөбөдө бололу» («Манас») деген патриоттук даанышмандык кыргыз социумунун ички өзөгүн тепчип өткөн дайымкы улут идеясы болуп келген- «Бирдик болбой – тирдик болбойт» Өз ара ыркыбыз кетсе, «Пил да болсок

жыгылдык, миң да болсок кырылдык» - деген Бакай акылмандын кейип айканы эске түшөт. (5)

Дал ушундан улам кыйын-кезең кырдаалдарда кыргыз калайык-калкы бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып, бир туунун алдында биригишип, тарыхтын бороон-чапкындарынан аман-эсен чыккан учурлары көп болгон .

Мындай көрүнүштөр кайсы доордо болсо да, тарых барактарында кайталанып келген. Учурдагы эле болуп өткөн «элдик революциянын» сабактарындагы жаштарыбыздын көрсөткөн эрдиктерине көз чаптырсак, өтө өкүнүчтүү жана сыймыктуу пикир жаратат.

Ошондой эле дагы бир мисал, Манастагы «кырк чоронун» эрдиги азыркы кыргыз жаштарынын турмушундагы өрнөктүү иштеринин үлгүлүү көрүнүштөрүнө айланууда. Атайы түзүлгөн «кырк чоро» командасы учурдагы коомдук жайлардагы туура эмес көрүнүштөргө тоскоол болуу менен укук коргоо органдарына өз демилгелери менен жардам көрсөтүп келишүүдө. Коомчулукта жаштардын демилгелүү бул кыймылы боюнча ар түрдүү көз караштары айтылууда. Кандай болгон күндө да ал жаштардын демилгесине улуу муундун өкүлдөрүнүн акыл-насааттуу,нарктуу,пикирлери,кийлигишүүсү аркылуу туура багыт берүү зарылчылыгы талап кылына тургандыгы абзел.

Кыргыздар Азияда эң бай фольклордук адабиятты, фразеологиялык көркөм сөз тизмектерин,турмуштук мааниси зор макал-лакаптарды жараткан таланттуу калк. Эпосторго бай экендиги жагынан түрк-моңгол калктарынын ичинен бир да калк кыргыздарга тең келе албас .

Кайсын Кулиев айткандай: «Кыргызстан – көркөм сөздүн, ырдын, поэзиянын мекени!».

Дегеле адам баласы табиятынан «менин турмушума караганда баламдын турмушу жакшы болсун» деген тилек менен жашайт.(4)

Келечек муунду тарбиялоодо, элибиздин кылымдап сактап келген тарыхый көөнөрбөс көркөм турмушун эске алуу менен аны билим берүүнүн негизи кылып алышыбыз керек.

Ал үчүн биз МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫН – «Манас» эпосунан алынган идеяларларды билим берүүдө ар бир предмете пайдалануу керек. Алар элдин атуулдук, улуттук ар-намысын ойготуу максатын көздөйт. Төмөнкү осуяттарды камтыйт:

1. Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;

2. Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;

3. Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;

4. Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;

5. Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;

6. Табият менен таттуу мамиледе болуу;

7. Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо. М. ж. о. кыргыз адабиятынын мектеп программасына киргизилген. Жаштарга

жана Республиканын жарандарына турмуштук көрсөткүч-маяк катары таасирин тийгизүүдө.

Демек,педагогдордун милдети, жогоруда айтылган материалдарды колдонуу менен билим берүүнүн башкы негизин түзгөн окутуунун инновациялык жаңы технологияларын колдонуп, интерактивдүү, алдыңкы методикалык үлгүлөрүн пайдаланып, сабак өтүүнүн максаттуу жолдорун иштеп чыгуу. Салттуу методдор да ыктуу, чыгармачылык менен колдонулса сабак процессинде жогорку өз ара аракеттенүүнү жаратат. Кесипкөй алдыңкы тажырыйбалуу педагогдун сабак өтүүнүн эффективдүүлүгүн арттырууда, предмет аралык интеграцияланган сабактары, билим берүүдө ийгиликтүү, натыйжалуу жыйынтыгын берет.

Эмесе биз, интеграцияланган сабактын үлгүлөрүнө көңүл буралы. (11)

Сабак жогорку класстын мектеп окуучулары үчүн, жогорку окуу жайларынын,колледждердин 1-2 курсунун студенттери үчүн көп тилдүү билим берүү контекстиндеги тарбиялык сааттын планы менен өтүлөт.

Сабакты уюштуруудагы мугалимдин же кординатордун иш аракети :

Мугалим же кординатор окуучулар менен саламдашат. Сабактын темасы менен тааныштыра

***Сабакттын темасы:*** «Манас» эпосу боюнча изилдөө иштери

***Сабактын максаты***:

*Билим берүүчүлүк максаты:*Эпостун мазмунунан менен кеңири тааныша алышат. белгисиз маалыматтарды табуу, изденүү жана изилдөө,көпчүлүккө жеткирүү аракеттенишет.

*Өнүктүрүчүлүк максаты*: «Манас»эпосун окутуу менен окуучулардын сөз байлыктарын, ой жүгүртүүсүн , чечендик чеберчилигин өнүктүү.

*Тарбиялык максаты:* Эпостогу каармандардын,үлгүлүү жактарын,Ата Мекенге болгон ыйык атуулдук милдетин аткарууга, жаратылышты коргоого,элдин нарк-дөөлөттөрүн сактоого салт-санаасын үйрөнүүгө тарбияланышыт.

***Сабактын тиби*****:** *сабак –конференции* - «Манас» эпосун жыйынтыктоо сабагы.

***Сабактын формасы:****өз алдынча топ менен иштөө* **.**

***Сабакта колдонуучу методдор:*** *интерактивдүү методдор, (Венндин диаграммасы, синквейн, ж. б.) инновациялык технологиялар, салттуу окутуунун айрым үлгүлөрү; сабак- конференция*

***Сабактын жабдылышы:*** *Мультимедиялык проектор, слайд көрсөтүү, дидактикалык материалдар ,окуу китеби ,«Манас» эпосунун томдуктары, сүрөттөр, таркатма, карточкалар. «Алтын эреженин» үлгүсү жазылган плакат, топторду баалоо үчүн атайы ар түрдүү түстөгү баракчалар.*

***Сабактын жүрүшү:***

***Уюштуруу бөлүмү:*** *Мугалим же кординатор сабакта өзү көзөмөлдөө менен жагымдуу жагдай түзүүнү шарттайт.*

- *Алдын ала мугалимдин (кор). жетекчилиги менен бөлүштүрүлгөн топтор класста ыңгайлаштыра коюлган орундарга жайгашышат.Топтордун атын белгилөө,анны коргоого даярдоо.*

*-Бул сабактын билим сапатын баалоо үчүн жумушчу топ түзүү.*

*-Топтор менен иштөө ийгиликтүү жана натыйжалуу болушу үчүн толеранттуулуктун* ***«Алтын эрежелерин»*** *тааныштыруу менен регламент сакталышы талап кылынат* **.**

*1.Сүйлөп жатканда бири бириңердин сөзүңөрдү бөлбөгүлө.Кезегиңерди күткүлө.*

*2.Оюңарды айткыңар келсе, колуңарды көтөргүлө.Кимдин качан сүйлөөрүн мугалим чечет.*

*3.Айткан адамды эмес алардын идеяларын сындагыла. (Инсандын өзүнө тил тийгизбегиле.)*

*4.Ар ким пикир айтууга укугу бар,андыктан өтө көп сүйлөй бербегиле.*

*5. Ар кандай пикир айтылышы колдоого алынат.*

*6. Эң мыкты идеялар көбүнчө талкууда жаралат.*

*7. Мугалим (кор). биздин укуктарыбызды коргоп ,ишибизге багыт берип турат.*

*-Мугалим сабак-конференцияга тиешелүү өтүлгөн темалар боюнча суроо-тактоолорду жүргүзөт.*

- Бүгүнкү сабакта биз «Манас» эпосу боюнча өткөн темаларыбызды, алган билимдерибизди бышыктоо менен ар бирибиз өз алдынча изилдөөчүлүк долбоорлорубузду презентациялайбыз. Командалар өздөрүнүн аталыштары менен тааныштырышат.

**-Топтор өздөрү тандаган темаларын тааныштырып презентациялайт.**

**1-топтун** Биздин команданын аталышы - «Айкөл Манас»

**Темабыз: Манас» эпосу боюнча изилдөө иштери.**

**2-топ: « Бакай» командасы. «Манасчы феномени» деген тема боюнча изилдөө долбоорун сунушташат.**

**3-топ: «Каныкей» командасы. «Манас» эпосундагы, каармандардын каймана ысымдары, жаратылыш, жер-суу аттары , предмед аралык байланыш.**

**4-топ «Кырк чоро» командасы.«Манас» эпосундагы математекалык сандар» деген теманы изилдедик жана чакан сценарий түздүк.**

Мугалим: Эмесе 1 – «Айкөл Манас» тобуна кезек беребиз.
«Айкөл Манастын» топ башы - **Чыңгыз**:
Биздин долбоордун багыты-гуманитардык багыт.
Долбоордун предмети: Кыргыз тили адабияты.
.
***Долбоордун түрү*** : Предмет аралык изилдөө долбоору.
*Долбоордун үстүндө иштөөдөгү ураанибыз:*
*«***Тамчыдан көл куралат,**
**Кадамдан жол куралат,**
**Манастан кыргыз уланат!»**

**Манас! Манас! Манас!Манас! (1)**

**Сезим:**Балдар, биз силерге адегенде төмөнкүдөй суроолор менен кайрылгыбыз келет:

-«Манас» эпосу дүйнөдөгү көлөмү боюнча теңдешсиз чыгарма дегенге ишенесиңерби?

-«Манасчылык өнөр жок болуп кетиши мүмкүнбү?

-«Манас» тарыхый каарманбы же көркөм образбы?

-«Манаста»илимий маалыматтар болушу мүмкүнбү?

-Силер эпосту толук окугансыңарбы?

**Бекназар:** Биз ушул эле суроолорду жалпы окуучуларга анкета кылып кайрылып,төмөнкүдөй жоопторду алдык.

**(Слайд менен мониторд көрсөтүлөт).**

**Сезим:** Анкета алгандан кийин биз план түзүп алып ,өзүбүз үчүн мындай иштерди аткаралы деп чечтик:

1.Эпостун тарыхы жөнүндө кыскача маалымат беребиз.

2. «Манас» эпосунун варианттары кандай чогултулгандыгын түшүндүрөбүз.

3.Эпостогу башка илимдин тармактары,булактарындагы байланыштарды карап чыгабыз.

**Чыңгыз:** Биз өзүбүз ишибизди баштоодо көптөгөн жаңылыктарды өзүбүзгө ачтык. Чындыгында эле «Манас» кылымдап ооздон-оозго өтүп сакталып келгендиги менен аны элдик чыгарма деп айтабыз.Эпостун дагы бир өзгөчөлүгү: жеткиликтүү, түшүнүктүү , көркөм айтылгандыктан,кыргыз элинин акылмандыгы менен чечендиги чагылдырылган.

**Сезим**: «Манас» эпосу 3негизги бөлүктөн турат:.

1. «Манас», «Семетей», «Сейтек»

Эпостун көлөмү 500554 саптан турат.Дүйнөдөгү эң чоң эпос.Гректердин белгилүү Гомери жазган «Одиссей жана Илиада»эпосунан 35 эсе чоң.

**Бекназар: «**Манас» үчилтиги 65 варианттан турат. Учурда Кыргыз Улуттук Академиясында 62 варианты сакталган.

«Манаста»-31 вариант

«Семетейде-22 вариант

«Сейтекте»-9 вариант

.Эпостун жаралыш мезгили жөнүндө айтуу так эмес. Аны ар кайсы окумуштуу ар кандай мезгилге ыйгарып жүрөт.

1.Энесай доору: 8-9-кылым (В.Бартольд)

2.Алтай доору: 9-10 кылым (В.Бернштам)

3.Жунгар доору: 16-18кылым(В.М.Жирмунский)

Биздин оюубузча ,эң байыркы болу керек.(1)

**Сезим:** Цивиллизация өнүккөнү менен адамдын акыл-эси жетише албаган аалам сырлары көп. Алардын бири «Манасчылык өнөр». Андыктан биз сөз кезегин 2-топко берели.

Мугалим (корр). окуучулардын призентациясына өзүнүн сунуштарын кошумчасын айтат. **Рахмат балдар! «**

**2-топ «Бакай»**

**Топ башы: Ислам-** Биздин топтун ураaны:

**Колдо бизди Бакай бабабыз,**
**Колдо бизди Манас Атабыз.**
**Кыргызды дүйнө таанысын,**
**Кылымды көздөп барабыз!!**

**Айзада: -**Биздин сөзүбүздү Б.Юнусалиевдин цитатасы менен баштайлы, «Манас» жүздөгөн жылдар бою кыргыздар таалим алуучу роман китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын өткөндү эске салган тарых китебинин ролун аткарган»- деген. «Манасчы феномени» өзгөчө табышмактуу көрүнүш,ар бир манасчы аны айтууда өнөргө ээ. Мисалы,Саякбай мыкты мүнүшкөр болсо, Сагымбай дуба менен жылкы айыктырган. Шаабай манасчы жаакка чабуу менен тиш оруну айыктырган.

**Уулкан:** Манасчылыктын чыгармачыл шыгын мындайча чечмелешет.Бири түшүнөн аян берсе,арбакдоору менен түшүндүрүлүшү жалпы кабыл алынган салт,жышаан белги.

**Мырзайым: Манасчылык 4 учурга бөлүнөт. (Венндин диаграммасы)**

1. Үйрөнчүк учур,угуп үйрөнөт.
2. Чала манасчылык,- такшалуу жолу.
3. Чыныгы манасчылык-кесип кылуу,вариант түзүү.
4. Чоң манасчылык.-маш болуу

**Бексултан:** Манасчылык өнөр 13 жаштан башталат дешет. Бул көз караштты

Окумуштуу –манасчы Талантаалы Бакчиев,окумуштуу –Раиса Кыдырбаева эжейлер да айтып келишет.

Мугалимдин (кор). сөзү: Рахмат! Азаматсыңар. Кезекти 3-топко берели.

**3- «Каныкей» тобу**

**Топ башы: Сабина-**Мен сиздерге биздин топтун **урааны** менен тааныштырып кетейин:

**Кадырлап турса кең мекен,**
**Каныкей болуш эмне экен.**
**Ардактап турса кен мекен,**
**Айчүрөк болуш эмне экен.**

Биздин ураандын мазмунунан кайсы учурда болсо да, гендердик саясаттын бирдей көз караште экендигине күбө болобуз. Эмесе сөздү мен Нуризага берейин.

**Нуриза:**Рахмат! Биздин топ образдар системасын таалдоого алдык.Мында көчүлүк каармандардын өз аттары эмес каймана аттар менен айтылышына күбө

болдук. Мисалы,Сыргактын өз аты Бердибек. Сыргак деп алгыр кушту аташкан Анткени «чырым этип уйку салбаган,чычканга кебек алдырбаган,атка жеңил тайга чак»өтө сак жигит болгон.

Ажыбай-өтө чечен.Чын аты Абдылда.

Чубак –өз аты кыялы чатак, орой мүнөз,чуулгандуу немее болгон.

Каныкей- өз аты Санирабига канга никелүү болгондуктан, аты өзгөрүп Каныкей болуп калган.

**Мериза:** Дагы кызык фактылар бар. Географиялык жер-суу аттары.

Сибирдеги Красноярск-түрк элинде Кызыл-Жар дегенди түшүндүрөт. Урал-Орол, Якутск-Жакут деген маанини түшүндүрөт. Ал кезде азыркы Сибир жеринде, элдин үшүн алган «Кощей Бессмертный» деген каарман айталат. Аны Жолой дөөнүн образына салыштырууга болот.(8)

**Максат: Бакай-**славян тилдеринде «Бог» ,кудай деген сөздүн чыккан теги деген гипотеза бар Түрк тилдеринде бак-бакыт-кут,жакшылык алып келген дегенди билдирет. Эпосто Бакай , Алдыда жүрсө ак жолтой, Артта жүрсө сан колдой.деп айтылып, Семетейде да,Сейтекте да катышкан каарман.

Эпосто **«Ошол күндөн ушул күн,**

**Тоо бөксөрүп жер болду ….»** дегендей кылымдар өтсө да Манас андагы каармандар биз үчүн жашообузга туура багыт берип, ыйык бойдон кала берет.

**Мугалим (корр). –**Абдан мыкты даярдангансыңар азаматтар! Эмесе кийинки 4-топ «Кырк чоролорго » кезек берели**.**

**4-топ «Кырк чоро»**

**Топтун жетекчиси Айдар:** Биздин «Кырк чоро» тобунун долбоорунун түрү: Предмет аралык байланыш, так илимдердин негизиндеги изилдөөчүлүк долбоор. Математека сабагы боюнча мисалдарга токтолмокчубуз.

**Нариман:Ураанызбыз: Чындыкты тануугa болбойт!**
**Достукту чанууга болбойт!**
**Ырыс алды ынтымак!!**

Уюткулуу кыргыз журту кайсы гана мезгил болбосун Теңир колдоп келген, - Манас атанын арбагы колдоп келген. Андыктан биздин топ «Манас» эпосундагы «математикалык сандар» деген теманы карап чыгууну максат кылып, мисалдар менен далилдөөнү туура таптык. Сабактагы эпостун көркөм каражаттары түрдүүчө уюштурулат.

**Эркин:** Эмесе, биз. азыр «Манас» эпосундагы каармандардын образдарын берүү менен **«Теңдеме»** темасына карата түзүлгөн маселелерге көңүлүңүздөрдү бурабыз.

**1-варианттагы маселе. «**Теңдеме» темасына алынып түзүлгөн: Манасты Санрабигага куда түшүүгө, күйөөлөтүп биртоп адам барышат. Алар,

Манас, Жакып, Шаканды жандап бардыгы 21900 киши болушкан. Эгер Жакыпты 9000 миңи, Шаканды 900 байбиче жандаса, Манас баатырды канча жигит коштогон?

X-Манасты жандаган жигиттин саны.

X+9000+900=21900

X+9900= 21900

X=21900-9900

X=12000

Жообу:12000 жигит Манасты коштогон.

Кийинки бериле турган маселенин 2-вариантын биздин командадан Мээрим презентацияламакчы:

**Мээрим: Ал эми биздин 2- варианттагы маселенин жүрүшүндөгү баяндамабызга көңүл буруңуздар.**

Темиркан Жакыпка кызы Санирабиганын калыңы үчүн бардыгы 760 бодо жана бир нече кой салык салган. Эгер бардык мал 2760 болсо ,канча кой салган?

X-койдун саны

X+760=2760

X=2760- 760

X= 2000

Жообу: 2000 кой.

Мындай маселелер аркылуу окуучулар «Манас» эпосундагы каармандар менен таанышып, кыргыздын салт-санаасы тууралуу маалымат алышыт.(5)

Бул сыяктуу мисалдарды ар бир темага окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырып, билим берүүнүн тарбиялык маанисине карай багыттоо менен алган билимдерин тереңдет.

**Тахмина:**

«Манас» эпосундагы математикалык сандарды колдонуу сабакта абдан бир кызык туу жагдай жаратат экен . «Замандан заман өтүп,жер үстүндө кыргыз жашап тургуча «Манас» биз улуттук туу чокубуз катары тура бермек».-деп залкар жазуучубуз Ч.Айтматов бекеринен айтпаса керек.

«Манас-деген санкритте «акыл-эс» дегенди түшүндүрөт.Ману-манус- «тап», «ойлонуу» дегенди туюндурат. Мына ошо ойлонуу, изденүүнүн негизи эпостогу ачылбай жаткан илимдеги сырларды иликтөө биздин келечектеги максатыбыз.(3)

**Сабакты жыйынтыктоо:**

**Мугалим (корр)**: Балдар, бүгүнкү тарбиялык, сабак-конференцияга активдүү катышкандыгыңар үчүн ыраазычылык билдирем. Катышкан топтор абдан жакшы даярданышкан.

Жумушчу топтун жыйынтыгы угузулат.

**Баалоо;** Желекчелер топтун катышуучуларына тапшырылат.

Жыйынтыгында топтор орундарынан турушат да өз-өз топторунун аттарын аташып, баардыгы жылмайуу менен - «Теңир колдоп келген Манас

атанын арбагы өзүнүн урпактарына ыраазы болсун»- дешип ураан чакыруу менен сабак аяктайт.

Бардыгы бүткөндөн кийин , мугалим (корр). «Манас» эпосу жана андагы каармандар,аларга байланышкан окуялар, аны айтуучулар жөнүндө дагы эмнелерди билгиңер келет?- деген суроо берет. Балдардын айтылган каалоолору келерки иш-чараны даярдоонун негизин түзөт. Ошондо дүйнөлүк маданиятка таандык болгон элдик эпостор боюнча иш-чаралар окуучуларга башка этносторго жана маданиятка толерантуулугун , достугун бекемдөөчү негиз болуп калат.

Макаланы акырында - «Манас» эпосу Улуттук рух казынасынын ыйык дөөлөтү –билим, таалим-тарбиянын башкы урааны. Эң негизгиси кыргыздын ыйык дөөлөтү – Эне тили, Ата Мекени, Алатоосу. Ата журт улуттук идеясынын символу бул – улуу «Манас».(5) Ата журттун азаттыгы, өз алдынчалыгы, бүтүндүгү, бакыбаты үчүн карууну казык, башты токмок кылып кызмат кылуу, кара башты курман чалуу идеясы,мекенге карата толуп-ташкан ыйык сезими «Манаста» берилген. Манас атанын ушул улуу идеясы менен кыргыздын уул-кыздары Барсбектен тартып Курманжан даткага чейин аба менен дем алгандай дем алып, тарыхта жашап, күрөшүп келишкен.. Ата журт улуттук идеясы кыргыздын канында, социалдык-маданий генетикасында жашайт- деген ойдо жыйынтыктамакчыбыз.

**Адабияттар:**

1.«Манас» жана манасчылар. 2-китеп. А. Акматалиевдин жалпы редакциясы астында 2-басылышы. // Б.-2004-ж. 612-б.

2.Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы. // Бишкек.1993- ж.136-б.

3.Карасаев К. Манасчылар менен алгачкы жолугушуулар. //Ала–Тоо,1995-ж. №1,125-б.

4Айтматов Ч.Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу». «Манас» (С.Орозбаковдун варианты боюнча). // Ф. 1984-ж.1-китеп

5.Байгазиев «Манастаануу». // Б. 2000-ж. 91-б.

6.«Манас» кыскартылып берилген варианты. 1-бөлүм. // Ф.:Кыргызмамбас. 1958ж. -25- 40-201-338-342- беттер.

7. Исаков Б. «Манас» эпосун окутуу. // Фрунзе.1989-ж.

8.Кыдырбаева Р.Генезис эпоса «Манас».// Ф, 1980 - ж . 29-31 беттер.

9.Кыргыз адабиятынын программасы.(Жалпы орто билим берүүчү кыргыз орто мектептеринин 5-11 –класстары үчүн). Ондолуп, такталып 5-басылышы.
// Б:2012-ж

10.Саалиева Д.Т «Манас жана Саякбай . //Ала –Тоо. Ф.1988-ж. №8.25-27 б.

11.Интерактивдүү сабактын үлгүлөрү. Бишкек шаарынын №5, № 68мектеп гимназияларында өтүлгөн сабактардын үлгүлөрү берилди.

12 . «Кыргыз билим берүү академиясынын кабарлары». // №3(27) Бишкек-2013ж». 26-б.

13.Назаралиева Ш.Ж. «Адеп» 7-класс. // Бишкек ш. «Инсанат» басмасы 2013 жыл. 6-бет.

14.http://ky.wikipedia.org/w/index.php?title=Манас_эциклопедиясы&oldid=91809'' булагынан алынды .